УДК 400.1

*Гапарова Ч., филол.и.к., доцент*
*Ош мамлекеттик университети*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН “КЫРГЫЗ ТИЛИ” ОКУУ КИТЕБИНДЕ ИШ КАГАЗДАРЫНЫН ТҮРЛӨРҮН ҮЙРӨТҮҮГӨ БАЙЛАНЫШКАН КОММУНИКАТИВДИК ТАПШЫРМАЛАРДЫН БЕРИЛИШИ МАТЕРИАЛЫ КОММУТАТИВНЫХ ЗАДАНИЙ ПО ОБУЧЕНИЮ ВИДАМ ДЕЛОПРОИЗВОДСТВА В УЧЕБНИКАХ ПО КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ ДЛЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

# COMMUNICATIVE TASKS FOR THE TEXTBOOKS OF “KYRGHYZ LANGUAGE” DEALING WITH TEACHING OF OFFICE PAPER KINDS IN THE PRIMARY CLASSES

***Аннотация:*** *Макалада башталгыч класстардын “Кыргыз тили” окуу китептеринде берилген иш кагаздарына байланышкан көнүгүү-тапшырмалардын коммуникативдик мүнөзү талдоого алынат жана алардын статистикалык маалыматы такталат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *иш кагаздарынын түрлөрү, компетенттүүлүк, коммуникативдик тапшырма, коммуникативдик компетенция, кептик интенция.*

***Аннотация:*** *В данной статье анализируется коммуникативный характер заданий и упражнений в учебниках по кыргызскому языку для начальных классов, связанных с делопроизводством, и уточняется статистическая информация по ним.*

***Ключевые слова:*** *виды деловых бумаг, компетентность, коммуникативные задания, коммуникативная компетенция, речевая интенция.*

***Abstract:*** *In this article communicative character of tasks and exercises dealing with office papers in the textbooks of Kyrgyz language for primary classes were analyzed.*

***Key words:*** *Kinds of office papers, Competence, communicative tasks, communicative competence, speech intention.*

Окуучуларга билим берүүдө эң негизги компонент катары окутуунун мазмуну турат. Буга чейин окуучулардын алган териялык билимине басым көбүрөөк жасалып келсе, учурда окуучуларда компетенттүүлүктү калыптандырууга көбүрөөк көңүл бурула баштады.

“Компетенттүүлүк деп, негизинен, инсандын тиешелүү компетенцияларга ээ болушу түшүнүлөт” [1]. Башкача айтканда, компетенттүүлүк – бул инсандын тиешелүү билим, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн белгилүү бир кырдаалда колдоно алуу жөндөмдүүлүгү. Тагыраак айтканда, алган билимдерин жашоо турмушунда колдоно алуу мүмкүнчүлүгү.

Компетенттүүлүк мамиле түрдүү компетенциялардын жаралышына негиз боло алат. Алсак, тилдик, коммуникативдик, предметтик, маданий компетенциялар ж.б.у.с.

Тилдик компетенция – тилди, анын каражаттарын, лексикалык байлыгын билүүсү жана сөздүк корун байытуу, тилдин нормасын өздөштүрүүсү аталат [2].

Коммуникативдик компетенция – оозеки жана жазуу кебинин көндүмдөрүнө ээ болуусу (мектеп окуучуларынын кептин стили жана тиби менен тааныштыгы, текстти талдоонун алгачкы көндүмдөрүнө ээ болушу жана сүйлөө аркылуу карым-катнаш жасоого даярдыгы) [3].

Коммуникативдик методдун спецификалык өзгөчөлүгү окутуу процессинин реалдуу (чыныгы) баарлашууга жакындашуусу эсептелет.

Мугалим коммуникативдик принциптерге ылайык суроо-тапшырмаларды түзүп, окуучуларда коммуникативдик компетенциларды жаратууга аракет жасоосу - учурдун зарыл талабы.

Окуучуларга иш кагаздары жана алардын түрлөрүн өтүү менен окуучуларда коммуникативдик касиеттерге ээ кылуу – бул иш кагаздарынын түрлөрүн үйрөтүү аркылуу, анын жазылышын, тилдик өзгөчөлүгүн өздөштүрүү менен туура, так, таамай жана көркөм сүйлөшүүгө, баарлашууга жеткирүү болуп саналат. Демек, коммуникациянын негизин

баарлашуу, сүйлөшүү түзөт. Тактап айтканда, иш кагаздарын үйрөтүүдө окуучуларга ар кыл кырдаалдарга ылайык түрдүү тапшырмаларды берип, аларга адабий тилдин нормасында сабаттуу жазууга жана сүйлөшө билүүгө көнүктүрүүгө болот.

Биз төмөндө башталгыч класстардын окуу китебинде сунуш кылынган тапшырмалардын коммуникативдик мүнөзүн талдоого аракет жасайбыз.

Көнүгүүлөрдүн коммуникативдик касиетин талдоодон мурда кептик интенция терминине токтолуу туура болот. **Кептик интенция** латын тилинен алынган, кыргыз тилинде ***умтулуу*** дегенди түшүндүрөт [4]. Сүйлөөчүнүн коммуникативдик кандайдыр бир маанилүү ойду, пикирди билдирүү ниети **кептик интенция болот.** Ал ойду билдирүү максатына карай төмөнкүдөй тематикалык түрлөргө ажырайт:

- байланыш түзүүчү;
- жөнгө салуучу;
- маалыматтык;
- баалоочу же эмоционалдык интенция.

Иш кагаздары боюнча башталгыч класстардын окуу китебинде берилген көнүгүү-тапшырмалар төмөнкүдөй коммуникативдик милдеттерди аткарат.

Алсак, 2-класстар үчүн жазылган “Кыргыз тили” [5] окуу китебинде кептик интенцияларга негизделген коммуникативдик көнүгүүлөр төмөнкүлөр:

**1. Баалоочу интенцияга негизделген коммуникативдик көнүгүүлөр:**

***4-көнүгүү.*** *Алгач тексттин каармандары боюнча, андан соң өзүңөрдүн жана бир туугандарыңардын мүнөздөрү боюнча кластер түзгүлө. (9-бет).*

***4-көнүгүү.*** *Досуңардын туулган күнүндө кандай каалоо-тилек айтасыңар? Ал эми ата-энеңерге, бөбөгүңөргөчү?(107-бет).*

**2. Байланыш түзүүчү интенцияга негизделген коммуникативдик көнүгүүлөр:**

***3-көнүгүү.*** *Жансыз заттардын сүрөтүн тартып, коздоп, ар түрдүү куттуктоо баракчаларын жасагыла. (69-бет)*

***5-көнүгүү.*** *Суроолуу сүйлөмдөрдү катыштырып чоң ата, чоң энеңерге кат жазгыла. Конвертке салып, дарегин жазып, почтадан жөнөткүлө.(87-бет)*

**3. Маалыматтык интенцияга негизделген коммуникативдик көнүгүүлөр:**

***2-көнүгүү.*** *Кулактандыруу жазгыла. Анда кандай сүйлөмдөр катышты? Сүйлөмдөрдүн аягына кандай белгилерди койдуңар? Эмне үчүн? (87-бет).*

Ал эми 3-класстардын “Кыргыз тили” окуу китебинде төмөнкүдөй кептик интенцияларга негизделген коммуникативдик көнүгүүлөр берилген:

**1. Жөнгө салуучу интенцияны билдирген көнүгүүлөр:**

***4-көнүгүү.*** *Кыргыз тилин билбеген өзүңөр теңдүү балдарга кандай кеңеш берет элеңер? Кеңешиңерди кат кылып, сылык түрдө жазгыла.* (30-бет).

**2. Байланыш түзүүчү интенцияларга негизделген коммуникативдик тапшырмалар:**

***5-көнүгүү.*** *Эми силер Аяз атага кат жазгыла. Анда бардык жөндөмөдө турган сөздөр катышсын. Суроосун жазып, астын сызгыла.* (55-бет).

***2-көнүгүү.*** *Ата-энеңерге кат жазгыла. Силер да эсептешесиңерби? Сүйлөмдөрдөгү ээлердин астын сызгыла.* (118-бет).

4-класстар үчүн жазылган “Кыргыз тили” (Бишкек, 2015; авторлору - Б.С.Чокошева, А.Р.Акунова) окуу китебинде коммуникативдик мүнөздө бир гана көнүгүү берилген.

**1. Байланыш түзүүчү интенцияларга негизделген коммуникативдик тапшырмалар:**

***5-көнүгүү.*** *Ата-энеңердин, бир тууганыңардын туулган жылын, күнүн дептериңерге жазгыла. Аларга куттуктоо баракчаларын жасагыла.* (114-бет).

Демек, башталгыч класстардын окуу китептеринде иш кагаздарын үйрөнүүгө байланышкан көнүгүүлөр коммуникативдик негизде түзүлгөндүгүн, аларда кептик интенциянын бардык түрлөрү эске алынгандыгын байкоого болот. Алардын таблицасы:

| № | Башталгыч класстардын окуу китебинде иш кагаздарын үйрөтүүгө байланыштуу берилген коммуникативдик көнүгүүлөр | Саны | Оозеки аткарууга негизделген көнүгүүлөр | Жазуу формасында аткарууга негизделген көнүгүүлөр | Кол менен жасоого негизделген көнүгүүлөр |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | байланыш түзүүчү интенциядагы көнүгүүлөр | 5 | | 4 | 1 |
| 2 | маалыматтык интенциядагы көнүгүүлөр | 1 | | 1 | |
| 3 | баалоочу интенциядагы көнүгүүлөр | 2 | 1 | 1 | |
| 4 | жөнгө салуучу интенциядагы көнүгүүлөр | 1 | | 1 | |

Жогоруда байкалгандай, иш кагаздарын үйрөнүүгө байланыштуу коммуникативдик көнүгүүлөрдүн басымдуу бөлүгү байланыш түзүүчү интенцияга багытталгандыгын аныктай алдык. Бул тапшырмалардын мүнөзү иш кагаздарынын түрлөрүнүн табиятына да байланыштуу болуп эсептелет. Анткени башталгыч класстардын окуучуларына иш кагаздарынын түрлөрүнүн ичинен  чакыруу, куттуктоо, кулактандыруу, түшүнүк кат, өмүр баян жана мүнөздөмө өтүлгөндүктөн, аталган иш кагаздарынын мүнөзүндө да байланыш түзүүчүлүк максат болгондуктан байланыш түзүүчү интенциядагы көнүгүү-тапшырмаларына көбүрөөк орун алышына себеп боло алды.

Жогоруда берилген коммуникативдик көнүгүүлөрдүн көпчүлүгү жазууга негизделген. Алардын ичинен бир гана көнүгүү оозеки аткарууга ылайыкталып түзүлгөн. Мисалы:

***4-көнүгүү.*** *Досуңардын туулган күнүндө кандай каалоо-тилек айтасыңар? Ал эми ата-энеңерге, бөбөгүңөргөчү?(107-бет).*

Ал эми бир көнүгүү кол менен жасап аткарууга негизделген. Мисалы:

***3-көнүгүү.*** *Жансыз заттардын сүрөтүн тартып, кооздоп, ар түрдүү куттуктоо баракчаларын жасагыла. (69-бет)*

Аталган тапшырмалардын формасы, башкача айтканда, окуучулардан тапшырмалардын аткарылышын талап кылган форма да өзгөчө мааниге ээ. Бул окуучулардын тилдик билимдери менен оозеки жана жазуу кептерин калыптандырууга негиз боло алат. Анткени окуучу иш кагаздары боюнча алган тилдик билимдерин жазуу жана кеп (сүйлөө) ишмердүүлүктөрүндө, кептин ар түрдүү типтеринде ылайык даярдап, кеп адебине ээ болуусу, тиешелүү иш кагаздарын сабаттуу жаза билүүсү негизги талаптардан болуп эсептелет.

Башталгыч класстарынын “Кыргыз тили” окуу китебиндеги иш кагаздарына байланышкан көнүгүү-тапшырмалар окуучулардын коммуникативдик компетенцияларын калыптандырууга багытталып түзүлгөн. 2-класстын окуучуларына иш кагаздарынын түрлөрүн курулай жаздырууга караганда, кырдаалдык, башкача айтканда,  кептик интенцияларга ылайыкталып түзүлгөн тапшырмаларды аткартуу менен аларга иш кагаздарынын үлгүлөрүн жаздырууну үйрөтүү оң натыйжа берет.

2-класстын жана 4-класстын “Кыргыз тили” окуу китептеринде иш кагаздарын окутууга атайын тема берилбегени менен, анын ичиндеги башка грамматикалык темаларды аткаруунун ичинде иш кагаздарынын үлгүлөрү боюнча коммуникативдик компетенцияларды калыптандыруучу көнүгүүлөрдүн берилиши өзгөчө баалоого арзыйт. Бул окуучу үчүн иш кагаздарын жазууга даярдык экендиги ачык белгилүү болбогону менен аталган тапшырмалар аркылуу тиешелүү грамматикалык темалар да, аны менен бир мезгилде иш кагаздарынын кээ бир түрлөрүн жазууга даярдыктардын да болуп жаткандыгы байкалат.

Алсак, 2-класстын окуу китебинде берилген ***“****Алгач тексттин каармандары боюнча, андан соң өзүңөрдүн жана бир туугандарыңардын мүнөздөрү боюнча кластер түзгүлө”*

деген көнүгүү текст менен иштөөгө багытталган. Бирок аталган көнүгүүнүн мазмунуна талдоо жасасак, аталган тапшырма 2-класстын окуучуларына мүнөздөмө берүүнү үйрөтүү, ал барып 3-класста мүнөздөмө жазууга пайдубал болуучу тапшырма экендигин байкоого болот. Бул сыяктуу тапшырмалардын бардык үлгүлөрү жогоруда берилди.

Биз жогоруда талдоого алган көнүгүү-тапшырмалардын баары - башка грамматикалык темалардын ичиндеги, бирок иш кагазын үйрөнүүгө негизделген тапшырмалар. Ал эми 3-класстын окуу программасында иш кагаздарын өзүнчө тема катары окутууга орун берилген. Анда түшүнүк кат, кулактандыруу, өмүр баян, мүнөздөмө өтүлөт. Аталган темага байланыштуу көнүгүү-тапшырмаларды талдоого алганыбызда, коммуникативдик тапшырмалардын баары маалыматтык интенцияга негизделип түзүлгөндүгү белгилүү болду. Анткени аталган иш кагаздарынын табияты да маалымат берүү менен тыгыз байланыштуу экендигин эске алуу керек.

Окуучуларга иш кагаздарын жаздырууну үйрөтүүдө өзгөчө кырдаал түзүү жакшы натыйжа берет. Бул жогоруда сөз болгон окутуунун коммуникативдик методунун негизги принциптеринен экендиги белгилүү.

Мисалы, *Бир күнү сен сабакка келбей калдың, анын себебин түшүндүрүп, түшүнүк кат жазгыла.*

*Силердин классыңар майрамдык концертке даярдадыңар дейли. Кулактандыруу жазгыла.ж.б.у.с.*

Мындай кырдаалдарды түзүүдө окуучулардын жашоо турмушу менен байланыштуу алуу керек. Себеби алар окуучулар үчүн кызыктуу, ары тааныш болот да, ошол кырдаалдагы тилдик материалды талдоо окуучулар үчүн жеңилирээк жана өздөштүрүүдө оң натыйжа берет. Жыйынтыгында окуучу курулай теориялык билимге ээ болбостон, аны турмушта пайдалана алууга, керек учурда баарлашууну, карым-катнашты жөнгө салуучу каражат катары пайдаланууга жетишет.

Иш кагазын окуп үйрөнүүдө окуучу үчүн анын теориялык маселеси эмес, аны өз турмуштук практикасында канчалык колдоно алары башкы орунда турат. Мында иш кагазын окуп-үйрөнүүнүн турмуш тиричиликтеги негизги орду окуучулардын иш кагазынын түрлөрүн туура сабаттуу жаза алуусу, сөздөрдү маанилерине карай туура тандап колдоно билүүсү, өз оюн жогорку чеберчиликте жеткире алуусу менен бааланат.

Жогоруда белгилегенибиздей, иш кагаздарын окутууга байланышкан көнүгүү-тапшырмалар коммуникативдик багытта кептик интенцияларга негизделип түзүлгөн. Бул, демек, иш кагаздары боюнча берилген көнүгүүлөрдүн дээрлик басымдуу бөлүгү креативдик, колдоно билүү деңгээлиндеги тапшырмалар экендигинен кабар берет.

**Адабияттар:**

1. Inga Lapiņa, & Deniss Ščeulovs, (2014). Employability and Skills Anticipation: Competences and Market Demands, Procedia - Social and Behavioral Sciences,
Volume 156, , Pages 404-408, https://doi.org/10.1016/j.sbspro.2014.11.211

2. Schlesinger, I.M. (1971). On Linguistic Competence. In: Bar-Hillel Y. (eds) Pragmatics of Natural Languages. Synthese Library, Springer, Dordrecht, https://doi.org/10.1007/978-94-010-1713-8_9

3. Lasala, C.B., (2014). Communicative Competence of Secondary Senior Students: Language Instructional Pocket, Procedia - Social and Behavioral Sciences, Volume 134, Pages 226-237, https://doi.org/10.1016/j.sbspro.2014.04.243

4. Witmer, J.M., Bornstein, A.V., & Dunham, R.M. The effects of verbal approval and disapproval upon the performance of third and fourth grade children on four subtests of the Wechsler intelligence scale for children, Journal of School Psychology, Volume 9, Issue 3, 1971, Pages 347-356, https://doi.org/10.1016/0022-4405(71)90093-8

5. Akunova, A.R., & Chokosheva, B.S. (2013). Kyrgyz language 3rd grade. Kyrgyz language schools. Moscow.